Аманкул Куттубаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Аманкул Куттубаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 1-классынан окуучуларды кабыл алуу жөнүндө жобо

Белек айылы

Бекитемин
Мектеп.директору А.М.Садырова
01.09.2022

## Аманкул Куттубаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 1-классынан окуучуларды кабыл алуу жөнүндө жобо

"Окуучуларды кабыл алуу жөнүндө жобо" окуучулардын документтерин кабыл алууну, аңгемелешүүлөрдү, тест жүргүзүү жана окуучуларды лицейге каттоо боюнча жолдору, эрежелери баяндалган негизи нормативдик документ болуп саналат.

- Мектеп жөндөмдүү, таланттуу окуучуларды тартуу;
- Окуучулардын билимдерин баалоого карата жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу мамлекеттик стандарттын негизинде предметтер боюнча сыноо жүргүзүү үчүн материалды – жазуу иштерин, тесттерди даярдоо;
- Окуучуларды мектеп кабыл алуу жөнүндө маалыматтарды өз учурунда маалымдоо;
- Кабыл алуу комиссиясын түзүү менен анын ишин ачык айкындык, калыстык принципте уюштуруу;
- Тестирлөөнүн жана аңмелешүүнүн жыйынтыгы менен окуучуларды каттоо;

III. Документтерди кабыл алуу

Мектеп кабыл өтүүдө төмөнкү документтер кабыл алынат:
3.1. Мектеп директорунун наамына жазылган ата-эненин арызы
3.2. Окуучунун өздүк делосу
3.3. Үй-бүлөсү тууралуу маалымдама
3.4. Ф-63-формасындагы медицинал карта
3.5. 3Х4 өлчөмүндөгү 4 сүрөт.

IV. Документтерди кабыл алуу мөөнөтү
4.1. Документтерди кабыл алуу тестирлөө жана аңгемелешүү түрүндө эки мөөнөт менен өткөрүлөт:
4.2.Мектепте каттоо 30-августта аяктайт.

V. Кабыл алуу комиссиясы

5.1. Окуучуларды кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы түзүлөт.
Анын милдети:

- Конкурска катышып жаткан окуучулардын билим деңгээлин объективдүү баалоо, жеке аңгемелешүүнүн жана тестирлөөнүн жыйынтыгынын негизинде жөндөм, шыгына ылайык окуучуларды профилдерге багыттоо, мектеп-лицейинин негизги максаттарын, милдеттерин окуучуларга жана алардын ата-энелерине маалымдоо, окуучулардын ден соолуктары жөнүндө маалымат алуу, мектеп-лицейине келген мотивдерин билүү менен лицейчиликке каттоо процессин уюштуруу.

Кабыл алуу коммисиясынын төрөгалык милдетин мектеп директору аткарат.

Окуучулар тестирлөөнүн жана аңгемелешүүнүн жыйынтыгы менен конкурстун негизинде мектеп кабыл алынат.
Мектеп каттоо кабыл алуу комиссиясы аркылуу жүргүзүлөт.

## VIII. Жаңжал (конфликт) комиссиясы

8.1. Тестирлөө, аңгемешүүлөрдө жана мектке каттоо учурунда пайда болгон пикир келишпеген кырдаалда жөнгө салуу үчүн жаңжал комиссиясы түзүлөт.
8.2. Жаңжал комиссиясы лицей мектебинин администрацияларынан, психологдон, мугалим
жана ата-энелерден түзүлөт.
8.3. Кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрү, же башка мугалимдер, ата-энелер жобонун талаптарын бузуп жаткандыгы аныкталса, жаңжал комиссиясы чакырылып, түзүлгөн кырдаалда жөнгө салуу иштери жүргүзүлөт.
8.4. Жаңжал комиссиясы окуучулардан, же алардын ата-энелеринен түшкөн арыздарды өз учурунда карап чыгып, чечим чыгарат.

## X. Психологиялык тест жүргүзүү

10.1. Окуучуларды каалаган адистигин тандап алышына психологиялык жардам көрсөтүү максатында, документ алып жаткан учурда алдын-ала психологиялык тест жүргүзүлөт. Психологиялык тест жүргүзүүдөн келип чыккан корутундунун сунушу экзамендин, аңгемелешүүнүн баасына эч таасирин тийгизбейт.

## XI. Маалымат менен камсыз кылуу

11.1. Мектеп кабыл алуу шарттары, андагы профилдик багыттар жөнүндөгү маалыматтарды, басма сөз, ар түрдүү чыгармачыл конференциялар, коомчулук аркылуу кабарланат. Мындай маалыматтардын өз убагында, жеткиликтүү формада кабарланышын камсыз кылуу иши мектебинин директоруна жүктөлөт.

11.2. Мектеп кабыл алуу ишин мындан ары өркүндөтүү, жөндөмдүү жана таланттуу балдарды колдоого алуу, ошондой эле жаштарга башынан атайын бир кесипке багыттаган таалим-тарбия берүү максатында, мектеп маалымдайт